Эл аралык Кызыл Крест Комитети (ЭККК)

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин алдындагы Диний жана этностор аралык кырдаалды изилдөө борбору

Эл аралык гуманитардык укук менен ислам укугундагы согуш жүргүзүү эрежелеринин салыштырма талдоосу

Биргелешкен аналитикалык баяндама

Бишкек, 2026

Аналитикалык баяндама Эл аралык Кызыл Крест Комитетинин (ЭККК) Кыргыз Республикасындагы Миссиясынын демилгеси менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин алдындагы Диний жана этностор аралык кырдаалды изилдөө борбору менен биргеликте даярдалды.

Авторлор

Аделя Шаршенова, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин алдындагы Диний жана этностор аралык кырдаалды изилдөө борборунун жетектөөчү адиси

Маралбек уулу Урматбек, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин алдындагы Диний жана этностор аралык кырдаалды изилдөө борборунун башкы адиси

Рецензенттер

Назира Турсунбаева, юридика илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Россия Славян университетинин Социалдык-гуманитардык институтунун Дипломатия жана укук жогорку мектебинин доценти, Кыргыз Республикасында ЭГУну окутуу боюнча Координациялык кеңештин төрайымы

Ахмед Аль-Давуди, философия доктору (PhD, Бирмингем университети), ЭКККнын ислам укугу жана юриспруденция боюнча юридикалык кеңешчиси, The Islamic Law of War: Justifications and Regulations (2011) монографиясынын автору

Которуу (кыргыз, англис тилдери), редакциялоо жана жасалгалоо

Эрмек Байсалов, ЭКККнын Борбордук Азиядагы аймактык делегациясынын коммуникация боюнча аймактык кызматкери

Баяндама аналитикалык жана түшүндүрмө мүнөздө. Ал юридикалык корутунду, диний чечмелөө (фатва) же ЭКККнын, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин же Диний жана этностор аралык кырдаалды изилдөө борборунун расмий саясий позициясынын билдирүүсү болуп саналбайт.

Баяндаманын акыркы тексти орус тилинде даярдалган. Бул кыргызча версия котормо болуп саналат.

Киришүү

Тарыхта мамлекеттердин аймактык үстөмдүккө, ресурстарга ээ болууга жана саясий таасирин кеңейтүүгө умтулуусу мамлекеттер аралык карама-каршылыктарды көп учурда күчөтүп, бул өз кезегинде конфликттердин жана согуштардын келип чыгышынын негизги себептеринин бири болуп келген. Бүткүл тарых боюнча согуштар айтып жеткис үрөй учурарлык абалды жаратып, эбегейсиз адамдык азап-тозокту коштоп, миллиондогон адамдардын — аскер кызматкерлеринин да, карапайым калктын да — өлүмүнө алып келген. Согуштун кыйраткыч таасирин азайтууга умтулуу укуктук нормалардын өнүгүшүнө алып келип, бул процесстин жүрүшүндө XX кылымда эл аралык гуманитардык укук (мындан ары — ЭГУ), башкача айтканда, куралдуу кагылышуулар укугу калыптанган. Эл аралык укуктун бул тармагынын негизги максаты — согуштук аракеттерге түздөн-түз катышпаган же катышуусун токтоткон адамдарды коргоону жана аларга гумандуу мамиле жасоону камсыз кылуу, ошондой эле кагылышуунун тараптары колдоно ала турган согуш жүргүзүү каражаттарын жана ыкмаларын чектөө.

Ошол эле учурда дүйнөлүк цивилизациялардын укуктук жана диний салттарында согушту чектөөчү моралдык жана укуктук принциптер орун алган. Мындай системалардын бири — ислам укугу (фикх). ЭГУ негизинен эл аралык келишимдерге, эл аралык адат укугуна жана укуктун жалпы принциптерине негизделген секулярдык жана универсалдуу укуктук система болсо, ислам укугу диний-нормативдик негизге ээ болуп, төрт булакка таянат: Куран, сүннөт, ижма (бир добуштан келишилген пикир) жана кыяс (окшоштук боюнча өкүм чыгаруу). Ошондуктан бул эки системанын укуктук жана моралдык негиздерин салыштыруу азыркы глобалдык укуктук дискурста өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Бул аналитикалык баяндаманын негизги максаты — ЭГУ менен ислам укугундагы согуш жүргүзүү эрежелерин салыштырып талдоонун негизинде алардын ортосундагы концептуалдык окшоштуктарды аныктоо жана талдоо.

Баяндамада ЭГУнун негизги жоболору келишимдик ЭГУнун (Женева конвенцияларынын, Кошумча протоколдордун ж.б.) жана адаттык ЭГУнун нормалары аркылуу каралат. Ал эми ислам укугу боюнча Куран, хадис жана классикалык фикх булактарындагы жоболор негиз катары алынат. Изилдөө ислам укугун Ахли сунна вал-жамаат мазхабдарынын классикалык фикх салтынын негизинде карайт.

Согушуу укугу

ЭГУ — согуштук аракеттерди жүргүзүүнүн тартибин жөнгө салуучу эл аралык укуктун тармагы; эл аралык-укуктук доктринада ал *jus in bello* термини менен да белгиленет. ЭГУ гуманитардык гана мүнөзгө ээ жана адамдарга келтирилүүчү азапты чектөөгө умтулат. Ал согуштун башталыш себептерине, ошондой эле аны актоо же алдын алуу мүмкүнчүлүктөрүнө байланыштуу эмес. Бул маселелерди *jus ad bellum* камтыйт.

Jus ad bellum (күч колдонууга тиешелүү укук) же *jus contra bellum* (согуштун алдын алууга тиешелүү укук) мамлекеттердин ортосундагы мамилелерде күч колдонууну чектөөгө багытталган[1]. БУУнун Уставынын 2-беренесинин 4-пунктуна ылайык, мамлекеттер башка мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө же саясий көз карандысыздыгына каршы күч колдонуу коркунучунан же аны колдонуудан карманууга тийиш. Бул принциптен өзүн-өзү коргоо максатында жасалган аракеттер (БУУнун Уставынын 51-беренеси) жана БУУнун Коопсуздук Кеңеши БУУнун Уставынын VII главасынын негизинде уруксат берген мажбурлоо чаралары гана четтетилет[2]. Белгилей кетүүчү нерсе, жогоруда аталган учурлар БУУнун Уставында камтылган мамлекеттер ортосундагы мамилелерде күч колдонууга тыюу салуудан гана четтөөгө жол берет, бирок согушуп жаткан тараптардын ЭГУну сактоо боюнча абсолюттук милдеттенмесин жокко чыгара, көлөмүн азайта же башка жол менен өзгөртө албайт.

Бул баяндамада «ислам укугу» термини фикх маанисинде, башкача айтканда, мусулман укук таануучулары шариаттын булактарынын негизинде иштеп чыккан укуктук нормалардын системасы маанисинде колдонулат. Ислам укугу — адамдын бардык аракетин жөнгө салуучу универсалдуу моралдык-укуктук система. Ислам укугунда амалдар 8 категорияга бөлүнөт[3]. Бул амалдар диний-укуктук өкүмүнө (хукм) жараша бир ишти аткарууга милдеттендирет, тыят же тандоо эркиндигин берет. Мисалы, «парз» (милдеттүү) өкүмүндөгү амалдарды ар бир мусулман аткарууга милдеттүү; «харам» (тыюу салынган) өкүмүндөгү амалдардан тыйылуу зарыл; «мустахаб» (жактырылган) өкүмү амалды аткаруу кубатталарын, ал эми аны аткарбоо айыпталбасын билдирет; «мубах» (уруксат берилген) өкүмү тандоо эркиндигин берет — мындай амалды кылуу да, кылбоо да мүмкүн. Бул нормалар көбүнчө мусулмандын жашоосундагы ибадаттарды аткаруунун эрежелерин аныктайт.

Бул мааниде шариат нормалары биринчи кезекте жеке ибадат жана күнүмдүк диний практика чөйрөлөрүн камтыйт. Бирок алардын таасири коомдук мааниге ээ чөйрөлөргө, анын ичинде куралдуу каршылашуу маселелерине да жайылат. Ислам укугунда «жихад» термини, атап айтканда, куралдуу күрөштү белгилөө үчүн колдонулат жана ал ошол эле нормативдик категориялардын алкагында каралат. Мисалы, саясий бийлик тарабынан мыйзамдуу буйрук болгондо, ага катышуу парз статусуна ээ болуп, ал чечим багытталган адамдар үчүн милдеттүү болуп калышы мүмкүн.

Бир катар классикалык тексттерде мыйзамдуу бийликтин алкагында ишке ашырылуучу айрым коомдук-диний милдеттер башкаруучунун жеке сапаттарына карабастан туруктуу мүнөзгө ээ экени баса белгиленет[4]. Мындай чөйрөлөргө салттуу түрдө сот системасын уюштуруу, согуш олжосун бөлүштүрүү, куралдуу аракеттерди

[1]International Committee of the Red Cross (ICRC). *Jus ad bellum and jus in bello*. URL: https://www.icrc.org/ru/law-and-policy/jus-ad-bellum-and-jus-bello (кайрылуу күнү: 07.06.2026).

[2]Устав Организации Объединённых Наций (1945). URL: https://www.un.org/ru/about-us/un-charter/full-text (кайрылуу күнү: 07.06.2026).

[3]Максуди А. *Ибадат исламия*. С. 7–8. Басылманын түп нускасы чагатай тилинде; электрондук көчүрмөсү колдонулду.

[4]Ат-Тахави. *Акыда ат-Тахавийя*. Казань: Хузур, 2016. С. 42; *Аль-Фатава аль-Хиндия*. Бейрут: Dar al-Fikr, 1991. Т. 2. С. 188.

жүргүзүү жана жамааттык диний практикаларга, анын ичинде жума намазына жетекчилик кылуу кирет[5].

Ислам укугундагы жихад түшүнүгү куралдуу каршылашуунун тышкы формаларын да, адамдын өзүнүн үстүнөн жүргүзгөн ички адеп-ахлактык ишин да камтыйт. Алсак, Куранда «жихад» сөзү 34 жолу айтылып, алардын ичинен төрт гана учурда (9:41, 73; 25:52; 66:9) согуш маанисинде колдонулган. Жихадга катышкан киши «мужахид» деп аталат. Пайгамбардын хадисинде мындай айтылат: *«Чыныгы мужахид — бул өзүнүн напсиси (кумарлары) менен күрөшкөн киши»*[6]. Бул хадис жихадды ички руханий-адеп-ахлактык күрөштүн формасы катары да кароого мүмкүндүк берет.

Согуш жүргүзүүнүн эрежелери

Jus in bello ЭГУнун нормалары менен кеңири жөнгө салынган. Согуш учурунда колдонулуучу ЭГУ нормалары куралдуу кагылышуулардын эки түрүн айырмалайт: 1) эки же андан көп мамлекеттин ортосундагы эл аралык куралдуу кагылышуулар жана 2) мамлекеттер менен мамлекеттик эмес куралдуу топтордун ортосунда же ушундай топтордун өз ара ортосунда гана болуучу эл аралык эмес куралдуу кагылышуулар. Бул учурлардын баарында ЭГУ уруксат берилгендин так чектерин белгилеп, согушуп жаткан тараптарга согуштун курмандыктарын коргоо жана күрөшүү ыкмалары менен каражаттарын тандоону чектөө боюнча милдеттенмелерди жүктөйт.

Курандагы «(Оо, мусулмандар!) Аллахтын жолунда (Анын дининин жогору болушу үчүн) силерге согуш ачкандарга каршы согушкула жана чектен чыкпагыла. Аллах чектен чыккандарды сүйбөйт»[7] деген аят ислам факихтери (укук таануучулары) тарабынан негизги эреже катары каралат. Ушундан улам исламда согуш максат катары эмес, зулумду токтотууга жана адилеттүүлүктү орнотууга багытталган аргасыз жана чектелген абал катары каралат. Ошондуктан согушта да башкы принцип — адилеттүүлүктү сактоо жана чектен ашпоо экени айтылат.

Айырмалоо

ЭГУнун пайдубалы — айырмалоо принциби. Куралдуу кагылышуунун тараптары ар дайым жарандык калк менен комбатанттарды, ошондой эле жарандык объекттер менен аскердик объекттерди айырмалап, өз аракеттерин аскердик объекттерге гана каршы багыттоого тийиш. Айырмалоо принциби келишимдик ЭГУ үчүн да, адаттык ЭГУ үчүн да негиз салуучу болуп саналат (1-норма)[8]. Жарандык адамдар менен комбатанттарды айырмалоо принциби алгач Санкт-Петербург декларациясында белгиленген, анда «мамлекеттер согуш учурунда көздөөгө тийиш болгон жалгыз

[5]Харб ибн Исмаил аль-Кирмани. *Книга Сунны* / пер. с араб. Умар Абу-ль-Хасан. Электронное изд. С. 172.

[6]Ат-Тирмизи, Абу Иса Мухаммад ибн Иса. *Аль-Джами‘ ас-Сахих (Сунан ат-Тирмизи)*. Бейрут: Dar Ihya al-Turath al-‘Arabi, 1998. Т. 4.

[7]Куран. Бакара сүрөсү, 2:190. Аяттардын маанилеринин котормосу: Хакимов Шамсуддин Абдулхалик. Куран: кыргызча котормосу. 2020. Кашаанын ичиндеги түшүндүрмөлөр котормочуга таандык.

[8]Henckaerts J.-M., Doswald-Beck L. (eds.). *Customary International Humanitarian Law*. Cambridge: Cambridge University Press, 2005. P. 3.

мыйзамдуу максат — душмандын аскердик күчтөрүн алсыратуу» экени каралган[9]. Азыр айырмалоо принциби Женева конвенцияларына I Кошумча протоколдун (мындан ары — I Кошумча протокол) 48, 51(2) жана 52(2)-беренелеринде да кодификацияланган. Жарандык калкты коргоого Согуш учурунда жарандык калкты коргоо жөнүндө Женева конвенциясы (мындан ары — IV Женева конвенциясы), Женева конвенцияларынын жалпы 3-беренеси, ошондой эле согуш жүргүзүү каражаттарын чектөө жаатындагы айрым келишимдер (Гаага укугу) арналган.

Айырмалоо принциби ислам укугунда да чагылдырылган. Ислам укугунда бул принциптин эң маанилүү негизи мында: факихтер согуш жүргүзүү эрежелерин иштеп чыгууда биринчи кезекте Курандын «Силер менен согушкандарга каршы гана согушкула, бирок чектен чыкпагыла»[10] деген буйругуна таянышкан, ал эми сүннөттө жана алгачкы ислам укуктук салтында бул буйрук көптөгөн хадистерде жана сахабалардын риваяттарында такталган. Алсак, Абу Бакрдын өз аскерлерине берген насааты аялдарды, балдарды жана карыларды өлтүрүүгө, мөмөлүү даректарды кыюуга, имараттарды талкалоого жана жаныбарларды жегенден башка максатта союуга тыюу салууну камтыйт[11]. Ошондой эле мындай кабарланат: *«Согушпаган аялдар, балдар, кары-картаң, сокур жана майып адамдар өлтүрүлбөйт. Бирок согушка катышса — башка маселе»*[12]. Бул жоболор согуштук аракеттерге түздөн-түз катышкандар менен аларга катышпаган адамдарды айырмалоо принцибин чагылдырат, ошондой эле мүлккө, жаратылыш ресурстарына жана жаныбарларга негизсиз зыян келтирүүнүн чектерин белгилейт.

Аталган норма IV Женева конвенциясынын 16-беренеси менен мазмундук окшоштукту көрсөтөт, ага ылайык «жарадарлар жана оорулуулар, ошондой эле майыптар жана кош бойлуу аялдар өзгөчө колдоого жана коргоого алынат»[13], ошондой эле I Кошумча протоколдун 51-беренесинин 3-пунктунда белгиленген жарандык адамдын коргоодон ажырашы жөнүндө жобо менен окшош, ага ылайык «жарандык адамдар… согуштук аракеттерге түздөн-түз катышкан учурларды жана ошол мезгилди кошпогондо, коргоодон пайдаланышат»[14]. Ушундай эле шарт эл аралык эмес куралдуу кагылышууларга да тиешелүү (Женева конвенцияларына II Кошумча протоколдун (мындан ары — II Кошумча протокол) 13-беренесинин 3-пункту).

Маданий баалуулуктарды коргоо

Маданий жана руханий мурасты коргоо эл аралык гуманитардык укукта маанилүү орунду ээлейт, анткени согуштун кесепеттери адам өмүрүнө жана материалдык

[9]Санкт-Петербургская декларация об отмене употребления взрывчатых и зажигательных пуль, 1868. Преамбула. URL: https://www.icrc.org/ru/document/obshchiy-obzor-sankt-peterburgskoy-deklaracii-1868-g (кайрылуу күнү: 07.06.2026).

[10]Куран. Бакара сүрөсү, 2:190.

[11]Малик ибн Анас. *Аль-Муватта*. Бейрут: Dar Ihya al-Turath al-‘Arabi, 1985. Хадис № 858; Аль-Байхаки. *Ас-Сунан аль-Кубра*. Бейрут: Dar al-Kutub al-‘Ilmiyya, 2003. Хадис № 17927.

[12]*Аль-Фатава аль-Хиндия*. Аталган эмгек. Т. 2. С. 207.

[13]Женевская конвенция о защите гражданского населения во время войны (IV Женевская конвенция). Женева, 1949. URL: https://www.icrc.org/sites/default/files/2024-11/GC_IV_Rus_0.pdf (кайрылуу күнү: 08.06.2026).

[14]Дополнительный протокол I к Женевским конвенциям. Женева, 1977. URL: https://www.icrc.org/sites/default/files/2024-10/AP_I_Rus.pdf (кайрылуу күнү: 08.06.2026).

инфраструктурага гана тийбейт. Куралдуу кагылышуулар көп учурда тарыхый эс тутумдун, маданий улантуучулуктун жана коомдун жамааттык идентүүлүгүнүн символдорунун жоголушуна алып келет.

ЭГУнун маданий баалуулуктарды коргоого өзгөчө көңүл бурушу дал ушуну менен түшүндүрүлөт. I Кошумча протоколдун 53-беренесине ылайык, элдердин маданий же руханий мурасын түзгөн тарыхый эстеликтерге, искусство чыгармаларына жана сыйынуу жайларына каршы душмандык аракеттерге тыюу салынат.

Ислам укугунан да мааниси жагынан жакын нормаларды табууга болот. Алсак, Куранда Аллах айрым адамдарды башкалар аркылуу тыйып турбаганда, «… ибадатканалар, чиркөөлөр, синагогалар жана анда Аллахтын ысымы көп эскериле турган мечиттер талкаланып кетмек» экени айтылат[15]. Бул аятта мечиттер гана эмес, башка диндердин сыйынуу жайлары да аталганы көңүл бурууга арзыйт. Бул сыйынуу жайларынын диний таандыктыгына карабастан руханий жана коомдук мааниге ээ объекттер катары баалуулугу таанылганын көрсөтөт.

Ашыкча кыйратууга тыюу салган исламдагы согуш жүргүзүү нормалары да муну кошумча тастыктайт. Куранда мындай буйрук да бар: «…жана чектен чыкпагыла. Аллах чектен чыккандарды сүйбөйт»[16].

Классикалык тафсирлер «чектен чыгуу» түшүнүгүн адамдарга карата негизсиз зомбулук менен гана эмес, аскердик зарылчылыксыз мүлктү кыйратуу менен да байланыштырышкан[17].

Бул принциптер биринчи адилеттүү халифа Абу Бакрдын аскердик жортуул алдында аскерлерге берген насааттарында иш жүзүндө чагылдырылган: кыянат кылбоо, ырайымсыздык көрсөтпөө, мөмөлүү даректарды жок кылбоо, мүлктү талкалабоо жана өзүн Кудайга кызмат кылууга арнаган адамдарга зыян келтирбөө[18].

Сыйынуу жайларын коргоо боюнча түз көрсөтмөлөрдөн тышкары, ислам укугунда коомдук мааниге ээ объекттерди кыйратууну чектеген жалпыраак нормалар да бар. Куранда жер бетинде бузукулукту (фасадды) таратуу, анын ичинде эгинди жок кылуу жана коомго зыян келтирүү айыпталат: «…эгиндерди, насилдерди курутуш үчүн аракеттерин баштайт. Аллах болсо, бузукулукту сүйбөйт»[19]. Классикалык тафсирлер фасадды коомдук тартипти бузган жана адамдарга, алардын жашоо чөйрөсүнө ири зыян келтирген аракеттер катары карашат.

Ушуга окшош ой төмөнкү аятта да камтылган: «Жер бетинде – аны оңдогондон кийин – бузукулук кылбагыла!»[20]. Азыркы ислам изилдөөчүлөрүнүн көз карашы боюнча, бул буйрукту маданий, тарыхый жана руханий баалуулукка ээ объекттерди кыйратууга жол берилбестигинин контекстинде да кароого болот. Ислам факихтери

[15]Куран. Хаж сүрөсү, 22:40.

[16]Ошол эле жерде. Бакара сүрөсү, 2:190.

[17]Ибн Касир. *Тафсир аль-Куран аль-Азим*. Бейрут: Dar al-Kutub al-‘Ilmiyya, 1998.

[18]Аль-Байхаки. Аталган эмгек.

[19]Куран. Бакара сүрөсү, 2:205.

[20]Куран. Аьраф сүрөсү, 7:56.

төмөнкүдөй эрежелерге да таянышкан: *«Согуш зарылдыгы жок болсо, алардын мүлкүн жок кылууга болбойт. Анткени бул — таза бузукулук»*[21].

Бул эрежени келишимдик жана адаттык ЭГУдагы жарандык объекттерге кол салууга тыюу салуу катары кароого болот (7-норма). I Кошумча протоколдо жарандык объекттерди коргоого өзүнчө глава (III глава) арналган. Бул главада жарандык объекттерди, анын ичинде маданий жана диний мааниге ээ объекттерди, жарандык калктын жашап кетүүсүн камсыз кылган инфраструктураны, жаратылыш чөйрөсүн, ошондой эле кыйратылышы ири гуманитардык кесепеттерге алып келиши мүмкүн болгон кооптуу күчтөрдү камтыган объекттерди коргоону караган нормалар өзгөчө орунду ээлейт (52–56-беренелер). Белгилей кетүүчү нерсе, ислам укугундагы аскердик зарылчылыксыз мүлктү жок кылууга тыюу салган эреже мазмуну боюнча ЭГУдагы кол салууларды аскердик объекттер менен гана чектөөгө жана аларга берилген аныктамага дал келет: «аскердик объекттер өзүнүн мүнөзү, жайгашкан жери, арналышы же пайдаланылышы боюнча согуштук аракеттерге натыйжалуу салым кошкон жана ошол учурдагы жагдайларда толук же жарым-жартылай кыйратылышы, басып алынышы же зыянсыздандырылышы ачык аскердик артыкчылык берген объекттер менен чектелет»[22]. Жарандык объекттерге кол салууга тыюу салуу Гаага укугунда да, анын ичинде Кадимки куралдардын айрым түрлөрү жөнүндө конвенцияга оңдоолор киргизилген II Протоколдо жана III Протоколдо бекитилген.

Ошентип, эл аралык гуманитардык укук да, ислам укугу да согушта кыйратууну чектөө жана аскердик мааниси жок объекттерге зыян келтирүүгө жол бербөө деген жалпы принциптен келип чыгат.

Согуш туткундарына жана курман болгондорго карата мамиле

Согуш туткундарына мамиле жөнүндө Женева конвенциясы (мындан ары — III Женева конвенциясы) согуш туткундарына гумандуу мамиле кылууну милдеттендирет. Туткундарды өлтүрүүгө, кыйноого, кемсинтүүгө тыюу салынат. Кандай жагдай болсо да, согуш туткундары өздөрүнүн инсандыгынын сыйланышына жана ар-намысынын сакталышына укуктуу. Ошондой эле туткунда кармап турган тарап аларды өз аскерлеринин шарттарынан кем болбогон жатак жай, тамак-аш, кийим-кече жана медициналык жардам менен камсыз кылууга милдеттүү[23]. Эл аралык укуктун нормаларына ылайык, согуш туткунун согуштук аракеттерге катышканы үчүн гана жазалоого жол берилбейт. Согуш туткунуна карата гумандуу мамиле принциптери сакталууга тийиш, ал эми согуштук аракеттер аяктагандан кийин анын мекенине кайтарылышы камсыз кылынат.

Бадр согушу (624-жылдын марты) ислам тарыхындагы биринчи ири аскердик кагылышуу болуп саналат. Согуштан кийин каршылаштардын бир бөлүгү туткунга

[21] Аль-Касани, Ала ад-Дин Абу Бакр ибн Мас‘уд. *Бадаи‘ ас-санаи‘ фи тартиб аш-шараи‘*. Бейрут: Dar al-Kutub al-‘Ilmiyya, 1986. Т. 7. С. 116.

[22] Дополнительный протокол I к Женевским конвенциям. Аталган эмгек. Ст. 52(2).

[23] Женевская конвенция об обращении с военнопленными (III Женевская конвенция). Женева, 1949 // Международное гуманитарное право: сборник международных договоров. М.: Международный Комитет Красного Креста, 2000. Ст. 13, 14, 17, 25–28, 30.

алынып, Мединага алып келинген. Алардын саны салттуу түрдө жетимишке жакын деп берилет. Туткундардын бир бөлүгү мечитте кармалган, калгандары Пайгамбардын сахабаларына бөлүштүрүлүп жайгаштырылган жана сахабаларга аларга татыктуу мамиле кылуу жана коргоо буйрулган.

Туткундардын андан аркы тагдыры жөнүндөгү маселе катаал жаза түрүндө эмес, эң жакын сахабалар менен кеңешүү аркылуу чечилген. Натыйжада туткундардын бир бөлүгүн төлөм алып бошотуу чечими кабыл алынып, төлөмдүн өлчөмү алардын турмуш абалына жараша белгиленген. Каражаты жок, бирок сабаттуу болгондор Мединанын он тургунуна окуганды жана жазганды үйрөтүүнүн ордуна эркиндикке чыга алышкан. «…Эми, качан аларды жеңип алсаңар, (тирүү калгандарын) туткундап алгыла! Андан кийин же эч нерсе албай азат кылып жибересиңер, же болбосо төлөм-акы алып (андан соң) коюп жибересиңер. (Бул өкүм) согуш (абалы) бүткөнгө чейин»[24].

Бул мамиле ислам укуктук салтынын калыптанышынын алгачкы мезгилине мүнөздүү болгон укуктук чечимдер менен коомдук пайданын прагматикалык айкалышын чагылдырат.

Ошол эле учурда Куранда туткундарга жакшы жана ырайымдуу мамиле кылуунун баалуулугу баса белгиленет: «Алар (Аллахтын ыраазычылыгы үчүн) өздөрү жакшы көргөн тамакты кедейге, жетимге жана туткунга беришет»[25]. Классикалык ислам укугунда согуш туткундарынын андан аркы тагдыры жөнүндөгү маселе ар башкача чечилген. Классикалык укук таануучулардын көпчүлүгү башкаруучу жамааттын кызыкчылыктарын жана кагылышуунун конкреттүү жагдайларын жетекчиликке алып, туткундарга карата белгилүү бир тандоо эркиндигине ээ деген көз карашты карманышкан. Бул позициянын алкагында ар кандай варианттар, анын ичинде төлөмсүз бошотуу, төлөм алып бошотуу, туткундарды алмашуу жана алардын андан аркы тагдырын чечүүнүн башка формалары каралган[26]. Ошону менен бирге мусулман укук таануучуларынын өзүнчө бир тобу 47:4-аятка таянып, согуш туткундары төлөмсүз бошотулушу же мусулман туткундарга алмаштырылышы керек деп эсептеген; бул позиция башкаруучунун өз билгенинче чечим кабыл алуу ыйгарым укуктарын кыйла көбүрөөк чектейт.

Эл аралык гуманитардык укуктун азыркы келишимдик-укуктук статусун да эске алуу керек. 1949-жылдагы төрт Женева конвенциясын бардык мамлекеттер ратификациялаган, башкача айтканда, дүйнөнүн бардык мамлекеттери, анын ичинде калкынын басымдуу бөлүгү мусулман болгон мамлекеттер да алардын катышуучулары болуп саналат. Демек, бул келишимдерди ратификациялаган мамлекет өзүнүн диний-укуктук салтына карабастан алардын жоболорун сактоого милдеттүү. 1969-жылдагы Эл аралык келишимдер укугу жөнүндө Вена конвенциясынын 26-беренесине ылайык, күчүндө турган ар бир келишим анын катышуучулары үчүн милдеттүү жана алар тарабынан ак ниеттүүлүк менен аткарылууга тийиш.

[24]Куран. Мухаммад сүрөсү, 47:4.

[25]Ошол эле жерде. Инсан сүрөсү, 76:8.

[26]Аль-Касани. Аталган эмгек. Т. 7. С. 106.

Калкынын көпчүлүгү мусулман болгон мамлекеттер үчүн мындай милдеттенмелерди сактоо ислам укуктук салтына карама-каршы келбейт, анткени мыйзамдуу түзүлгөн келишимдерди аткаруу принциби Куранда өз алдынча негизге ээ: «О, ыйман келтиргендер! Убадаңарды аткаргыла!»[27]. Демек, Женева конвенцияларынын катышуучусу болгон мамлекет ЭГУ нормаларын эл аралык-укуктук милдеттенмелер катары сактоого милдеттүү, ал эми аларды аткаруу ошол эле учурда келишимдерди сактоо жөнүндөгү ислам принцибине шайкеш келет деп каралышы мүмкүн.

Келишимдик жана адаттык ЭГУда согуш туткундарын кулчулукка айлантууга, ошондой эле аларды сотсуз өлүм жазасына тартууга тыюу салуу бекитилген. III Женева конвенциясында «кулчулук» термини түздөн-түз колдонулбаса да, бул Конвенциянын жоболору согуш туткундарынын эмгегин кеңири жөнгө салып, мажбурлап иштетүүгө же кул эмгегине окшош шарттарды түзүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат (49–57-беренелер, ошондой эле эмгек үчүн акы төлөөнү жөнгө салган 62-берене).

Эл аралык эмес куралдуу кагылышууларда бул тыюу салуу түздөн-түз баяндалган: кулчулукка жана кул сатууга алардын бардык формаларында тыюу салынат (II Кошумча протоколдун 4-беренесинин 2(f)-пункту). Мындан тышкары, адаттык ЭГУда кулчулукка жана кул сатууга түз тыюу салуу 94-нормада бекитилген[28].

ЭГУда согуш укугунун коргоосунда турган адамдарды сотсуз өлүм жазасына тартууга жана өлтүрүүгө тыюу салуу фундаменталдык мүнөзгө ээ. Эл аралык эмес куралдуу кагылышууларда ал Женева конвенцияларынын жалпы 3-беренесинде бекитилген, бул берене өмүргө жана дене кол тийбестигине кол салууга, анын ичинде өлтүрүүнүн бардык түрлөрүнө тыюу салат. Эл аралык куралдуу кагылышуулардагы согуш туткундарына карата бул тыюу салуу III Женева конвенциясынын 13-беренесинде, 130-беренесинде жана 100–101-беренелеринде бекитилген, алар өмүрдөн мыйзамсыз ажыратуудан коргоону жана өлүм жазасына өкүм чыгарууга байланышкан чектөөлөрдү жөнгө салат. Адаттык ЭГУнун деңгээлинде тиешелүү эреже 89-нормада бекитилген[29].

Ислам маркумдун денесине урмат менен мамиле кылуу зарылдыгын баса белгилейт. Атап айтканда, хадистерде сөөктү мазактоого жана курман болгондордун денесине зыян келтирүүгө тыюу салган буйруктар бар. *«Өлгөн адамдын сөөгүн сындыруу тирүү адамдыкын сындыргандай»*[30].

«Сахих Муслимде» келген хадиске ылайык, Мухаммад пайгамбар аскер башчыга төмөнкүдөй насаат айткан: *«Кыянат кылбагыла. Өлүктөрдү кескилебегиле»*[31]. Ал эми «Радд аль-Мухтар» китебинде төмөнкүдөй берилген: *«Каапырлардын өлүктөрүн*

[27]Куран. Маида сүрөсү, 5:1.

[28]Международный Комитет Красного Креста. Обычное международное гуманитарное право. Норма 94. URL: https://ihl-databases.icrc.org/ru/customary-ihl/v1/rule94 (кайрылуу күнү: 08.06.2026).

[29]Международный Комитет Красного Креста. Обычное международное гуманитарное право. Норма 89. URL: https://ihl-databases.icrc.org/ru/customary-ihl/v1/rule89 (кайрылуу күнү: 08.06.2026).

[30]Абу Дауд ас-Сиджистани, Сулейман ибн аль-Аш‘ас. *Сунан Аби Дауд*. Бейрут: Dar al-Fikr, 1994; Ибн Маджа, Абу Абдуллах Мухаммад ибн Язид. *Сунан Ибн Маджа*. Бейрут: Dar Ihya al-Kutub al-‘Arabiyya, 1998.

[31]Муслим ибн аль-Хаджжадж ан-Найсабури. *Сахих Муслим*. Бейрут: Dar Ihya al-Turath al-‘Arabi, 1991. Хадис № 1731.

мазактоо (мүчөсүн кесүү, бузуу) болбойт. Анткени бул — кыйноо, ал эми Пайгамбарыбыз (с.а.в.) андан тыюу салган»[32].

ЭГУда да курман болгондордун денесине гумандуу мамилени чагылдырган нормалар көп. Алсак, Согуш талаасындагы армиялардагы жарадарлардын жана оорулуулардын абалын жакшыртуу жөнүндө Женева конвенциясынын 15-беренесине ылайык, тараптар ар дайым, өзгөчө салгылашуудан кийин, өлгөндөрдү издеп табуу жана алардын тонолушуна жол бербөө үчүн мүмкүн болгон бардык чараларды көрүүгө тийиш. Ушундай эле жоболор Деңиздеги куралдуу күчтөрдүн курамындагы жарадарлардын, оорулуулардын жана кеме кырсыгына учураган адамдардын абалын жакшыртуу жөнүндө Женева конвенциясынын 18-беренесинде камтылган. I Кошумча протоколдо курман болгондордун сөөктөрүнө мамиле кылууга арналган өзүнчө 34-берене бар. Ага ылайык маркумдардын сөөктөрү жана алар коюлган жайлар урматталууга, сакталууга жана тийиштүү түрдө белгиленүүгө тийиш.

Бул милдеттенмелерди ишке ашыруу максатында согушуп жаткан тараптарга мүмкүнчүлүккө жараша туугандарынын жана мүрзөлөрдү каттоо боюнча расмий кызматтардын сөөк коюлган жайларга жетүүсүнө, ошондой эле тиешелүү мамлекеттин же жакын туугандарынын өтүнүчү боюнча маркумдардын сөөктөрүн жана жеке буюмдарын мекенине кайтарууга көмөктөшүү сунушталат.

Сөөктөрдү эксгумациялоого өтө чектелген учурларда гана, жогорку коомдук зарылчылыктан улам, анын ичинде медициналык негиздер боюнча, тергөө максатында же I Кошумча протоколдун 34-беренесинин 2(c)-пунктунда жана 3-пунктунда каралган башка учурларда жол берилет.

Ушундай эле милдеттенмелер эл аралык эмес куралдуу кагылышууларда да колдонулат. II Кошумча протоколдун 8-беренесине ылайык, кагылышуунун тараптары курман болгондорду издөө, алардын денесин мазактоого жол бербөө жана аларды татыктуу көмүүнү камсыз кылуу үчүн мүмкүн болгон бардык чараларды көрүүгө милдеттүү. Белгилей кетүүчү нерсе, бул жоболор эл аралык адаттык гуманитардык укуктун нормаларында, атап айтканда 112–116-нормаларда андан ары өнүктүрүлүп, бекемделген.

Корутунду

Жүргүзүлгөн талдоо ислам укугу менен ЭГУнун ортосунда бир караганда байкалбай калышы мүмкүн болгон бир топ жалпы жактар бар экенин көрсөтөт. Алардын булактарынын айырмачылыгына (бир учурда диний-укуктук салт, экинчи учурда эл аралык-укуктук нормалардын системасы) карабастан, алардын гуманитардык багыты олуттуу деңгээлде дал келет.

Ислам укугунда да, ЭГУда да согуштун кыйраткыч кесепеттерин чектөөгө умтулуу байкалат. Бул ашыкча зомбулукка тыюу салууда, жарандык калкты коргоодо, адамдын кадыр-баркын урматтоодо, жарадарларга жана туткундарга гумандуу мамиле кылууда, ошондой эле согуштук аракеттерди жүргүзүүнүн ыкмалары менен

[32]Ибн Абидин, Мухаммад Амин ибн Умар. *Радд аль-Мухтар ‘аля ад-Дурр аль-Мухтар*. Бейрут: Dar al-Fikr, 1992. Т. 4. С. 262.

каражаттарын чектөөдө көрүнөт. Эки учурда тең сөз аскердик зарылчылык менен жол берилгис ырайымсыздыктын ортосуна чек коюу аракети жөнүндө болуп жатат.

Ошону менен бирге чечмелөө маанилүү фактор бойдон калууда. Ислам тексттери (Куран жана хадистер) контекстти түшүнүүнү, методологияны билүүнү жана ислам илимдери боюнча олуттуу даярдыкты талап кылат. Дал ошондуктан тексттин өзү гана эмес, анын кандайча чечмелениши да негизги ролду ойнойт. Тарых көрсөткөндөй, эгер чечмелөө саясий, идеологиялык же башка кызыкчылыктарга баш ийдирилсе, диний нормалар зомбулукту чектөө үчүн да, тескерисинче, аны актоо үчүн да колдонулушу мүмкүн.

Дал ушул жерде ислам укугу менен эл аралык гуманитардык укукту салыштырып изилдөө практикалык мааниге ээ болот. Диний нормалар жогорку коомдук жана моралдык легитимдүүлүгүн сактаган жерде диний аргументтер согуш жана тынчтык маселелерин кабыл алууга олуттуу таасир эте алат. Ушул себептен гуманитардык нормаларды ислам укуктук салтында тамыр жайган категориялар аркылуу түшүндүрүү алардын кеңири кабыл алынышына жана сакталышына өбөлгө түзүшү мүмкүн.

Бул процессте өзгөчө роль ислам аалымдарына, имамдарга, билим берүү мекемелерине жана изилдөө борборлоруна таандык. Алар аркылуу жарандык калкты коргоо, зомбулукту колдонууну чектөө жана гуманитардык нормаларды сактоо ислам салты үчүн сырттан келген принциптер эмес, тескерисинче, анын өзүнүн укуктук жана этикалык буйруктарында терең негизге ээ экени тууралуу туруктуураак түшүнүктү калыптандырууга болот.

Ошентип, ислам укугу менен эл аралык гуманитардык укуктун ортосундагы диалогдун мүмкүнчүлүгү таза теориялык-салыштырма талдоонун чегинен чыгып, азыркы гуманитардык чакырыктардын контекстинде колдонмо мааниге ээ болот. Бул диалог куралдуу кагылышуулардын гуманитардык кесепеттерин азайтуунун, ошондой эле тынчтык маданиятынын нормативдик жана баалуулук негиздерин бекемдөөнүн мүмкүн болгон куралдарынын бири катары каралышы мүмкүн. Ушуга байланыштуу каралып жаткан укуктук системалардын эң маанилүү жана келечектүү жалпы жактарынын бири дал ушул багытта көрүнөт деп айтуу негиздүү.

Колдонулган адабияттар

I. Эл аралык келишимдер жана эл аралык гуманитардык укуктун булактары

- Устав Организации Объединённых Наций. Сан-Франциско, 1945. URL: https://www.un.org/ru/about-us/un-charter/full-text (кайрылуу күнү: 07.06.2026).
- Женевская конвенция об улучшении участи раненых и больных в действующих армиях (I Женевская конвенция, 1949) // Международное гуманитарное право: сборник международных договоров. М.: Международный Комитет Красного Креста, 2000.
- Женевская конвенция об улучшении участи раненых, больных и лиц, потерпевших кораблекрушение, из состава вооружённых сил на море (II Женевская конвенция, 1949) // Международное гуманитарное право: сборник

международных договоров. М.: Международный Комитет Красного Креста, 2000.

- Женевская конвенция об обращении с военнопленными (III Женевская конвенция, 1949) // Международное гуманитарное право: сборник международных договоров. М.: Международный Комитет Красного Креста, 2000.
- Женевская конвенция о защите гражданского населения во время войны (IV Женевская конвенция, 1949). URL: https://www.icrc.org/sites/default/files/2024-11/GC_IV_Rus_0.pdf (кайрылуу күнү: 08.06.2026).
- Дополнительный протокол I к Женевским конвенциям от 12 августа 1949 года, касающийся защиты жертв международных вооружённых конфликтов. Женева, 1977. URL: https://www.icrc.org/sites/default/files/2024-10/AP_I_Rus.pdf (кайрылуу күнү: 08.06.2026).
- Дополнительный протокол II к Женевским конвенциям от 12 августа 1949 года, касающийся защиты жертв вооружённых конфликтов немеждународного характера. Женева, 1977.
- Санкт-Петербургская декларация об отмене употребления взрывчатых и зажигательных пуль. Санкт-Петербург, 1868. URL: https://www.icrc.org/ru/document/obshchiy-obzor-sankt-peterburgskoy-deklaracii-1868-g (кайрылуу күнү: 07.06.2026).
- Конвенция о запрещении или ограничении применения конкретных видов обычного оружия. Женева, 1980, включая Протокол II с поправками (1996) и Протокол III (1980).
- Венская конвенция о праве международных договоров. Вена, 1969.

II. Эл аралык адаттык гуманитардык укук

- Международный Комитет Красного Креста (МККК). Обычное международное гуманитарное право (*Customary International Humanitarian Law*). URL: https://ihl-databases.icrc.org/ru/customary-ihl (кайрылуу күнү: 08.06.2026).
- Henckaerts J.-M., Doswald-Beck L. (eds.). *Customary International Humanitarian Law*. Vol. I. Cambridge: Cambridge University Press, 2005.

III. Ыйык Куран

- Хакимов, Шамсуддин Абдулхалик. *Куран: кыргызча котормосу*. 2020.

IV. Хадистер

- Муслим ибн аль-Хаджжадж ан-Найсабури. *Сахих Муслим*. Бейрут: Dar Ihya al-Turath al-‘Arabi, 1991. Хадис № 1731.
- Абу Дауд ас-Сиджистани, Сулейман ибн аль-Аш‘ас. *Сунан Аби Дауд*. Бейрут: Dar al-Fikr, 1994.
- Ибн Маджа, Абу Абдуллах Мухаммад ибн Язид. *Сунан Ибн Маджа*. Бейрут: Dar Ihya al-Kutub al-‘Arabiyya, 1998.

- Малик ибн Анас. *Аль-Муватта*. Бейрут: Dar Ihya al-Turath al-‘Arabi, 1985. Хадис № 858.
- Аль-Байхаки, Ахмад ибн аль-Хусайн. *Ас-Сунан аль-Кубра*. Бейрут: Dar al-Kutub al-‘Ilmiyya, 2003. Хадис № 17927.
- Ат-Тирмизи, Абу Иса Мухаммад ибн Иса. *Аль-Джами‘ ас-Сахих (Сунан ат-Тирмизи)*. Бейрут: Dar Ihya al-Turath al-‘Arabi, 1998. Т. 4.

V. Классикалык ислам адабияты

- Аль-Касани, Ала ад-Дин Абу Бакр ибн Мас‘уд. *Бадаи‘ ас-санаи‘ фи тартиб аш-шараи‘*. Бейрут: Dar al-Kutub al-‘Ilmiyya, 1986. Т. 7.
- Ас-Сарахси, Шамс ад-Дин Мухаммад ибн Ахмад. *Аль-Мабсут*. Бейрут: Dar al-Ma‘rifa, 1993. Т. 10.
- Ибн Абидин, Мухаммад Амин ибн Умар. *Радд аль-Мухтар ‘аля ад-Дурр аль-Мухтар*. Бейрут: Dar al-Fikr, 1992. Т. 4.
- *Аль-Фатава аль-Хиндия (аль-Фатава аль-Аламгирия)*. Бейрут: Dar al-Fikr, 1991. Т. 2.
- Ат-Тахави, Абу Джафар Ахмад ибн Мухаммад. *Акыда ат-Тахавийя*. Казань: Хузур, 2016.
- Ибн Касир, Исмаил ибн Умар. *Тафсир аль-Кур'ан аль-Азим*. Бейрут: Dar al-Kutub al-‘Ilmiyya, 1998.
- Харб ибн Исмаил аль-Кирмани. *Книга Сунны* / пер. с араб. Умар Абу-ль-Хасан. Электронное изд.
- Максуди А. *Ибадат исламия*. Электрондук көчүрмө.

VI. Электрондук жана маалымдама ресурстар

- Международный Комитет Красного Креста (МККК). *Jus ad bellum and jus in bello*. URL: https://www.icrc.org/ru/law-and-policy/jus-ad-bellum-and-jus-bello (кайрылуу күнү: 07.06.2026).